DOI:10.26104/IVK.2023.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 3, 2023

*Колдошов Т. Р.*

# ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК ЖЫЛДАРЫНДАГЫ ОБОНДУУ ЫРЛАР: ТЕМАТИКАЛЫК КӨП ТҮРДҮҮЛҮК ЖАНА ИЗДЕНҮҮЛӨР

*Колдошов Т. Р.*

# МЕЛОДИЧНЫЕ ПЕСНИ В ГОДЫ НЕЗАВИСИМОСТИ: ТЕМАТИЧЕСКОЕ РАЗНООБРАЗИЕ И ПОИСКИ

*T. Koldoshov*

# MELODIC SONGS IN THE YEARS OF INDEPENDENCE: THEMATIC DIVERSITY AND SEARCH

*УДК: 784.3*

*Тарыхый-маданий өнүгүү жагынан алганда, бир доордон экинчи доорго өтүүдө, коомдук жашоодо өзгөрүүлөр, бурулуштар болуп өтүүсү белгилүү. Тарыхый коомдук бир системадан салттык, маданияттык, экономикалык жана башка жактарынан кескин түрдө айырмаланган экинчи бир коомдук системага өтүү процессинде, мурдагы коомдун мыйзам ченемдүүлүктөрүн, жашоо принциптерин, салттарын жоюу аркылуу, жаңы формацияга өтүү оңой-олтоң боло койбойт. Анткени, мындай көрүнүштү, ар бир улуттун аң-сезиминин жашоо тажрыйбасынан улам көрүүгө болот. Буга, мамлекетибиздин эгемендүүлүктү колуна алуусу менен, коомдук саясий окуялар, өзгөрүүлөр, бурулуштар орун алгандыгы күбө боло алат. Бирок, өткөн тарыхты чийип салуу, же артка кайтаруу мүмкүн эместиги жалпыга маалым. Ошондуктан, өткөн тарыхый жашоо издеринин, салттуулугунун, маданий мурастарынын негизинде, эстетикалык көркөмдүүлүктүн, аң-сезимдин, чыгармачылык изденүүлөрдүн жаңы мейкиндигинде, жаңы ийгиликтерди жана жетишкендиктерди багынтууну иш жүзүнө ашыруу керектиги турат. Макалада мындай ийгиликтердин жана жетишкендиктердин үзүрлүү жемиштери менен чыгармачылыктын жаңы багытынын пайдубалын түзүү, жана аны бекемдөө, учурдагы маданият жана искусство тармагындагы чыгармачыл ишмерлердин, сүрөткерлердин милдеттеринен болуп эсептелээри каралат.*

***Негизги сөздөр:*** *обондуу ыр, поэтика, маданият, салттуулук, искусство, ыр чыгармачылык, ишмердүүлүк, тематика, фольклор.*

*С точки зрения историко-культурного развития, при переходе от одной эпохи к другой в общественной жизни происходят изменения, повороты. В процессе перехода от одной исторической социальной системы к другой, резко отличающейся в традиционном, культурном, экономическом и других аспектах, через устранение закономерностей, жизненных принципов, традиций прежнего общества, переход к новой формации неизбежен. Ведь такое явление можно увидеть из жизненного опыта сознания каждой нации. Об этом свидетельствуют общественно-политические события, перемены, повороты, произошедшие с обретением независимости нашим государством. Однако общеизвестно, что прошлое нельзя вычеркнуть или обратить вспять. Поэтому на основе следов прошлой исторической жизни, традиций, культурного наследия необходимо осуществлять завоевание новых успехов и достижений в новом пространстве эстетического искусства, сознания, творческих исканий. В статье рассматривается, что создание и укрепление фундамента нового направления творчества с плодотворными плодами таких успехов и достижений является одной из задач творческих деятелей, художников в области современной культуры и искусства.*

***Ключевые слова:*** *мелодичная песня, поэтика, культура, традиционность, искусство, песенное творчество, деятельность, тематика, фольклор.*

*From the point of view of historical and cultural development, during the transition from one epoch to another, changes and turns occur in public life. In the process of transition from one historical social system to another, sharply differing in traditional, cultural, economic and other aspects, through the elimination of laws, life principles, traditions of the former society, the transition to a new formation is inevitable. After all, such a phenomenon can be seen from the life experience of the consciousness of each nation. This is evidenced by the socio-political events, changes, turns that have occurred since the independence of our state. However, it is well known that the past cannot be erased or reversed. Therefore, on the basis of traces of past historical life, traditions, and cultural heritage, it is necessary to achieve new successes and achievements in a new space of aesthetic art, consciousness, and creative pursuits. The article considers that the creation and strengthening of the foundation of a new direction of creativity with the fruitful fruits of such successes and achievements is one of the tasks of creative figures, artists in the field of modern culture and art.*

***Key words:*** *melodic song, poetics, culture, tradition, art, songwriting, activity, theme, folklore.*

Ар бир адам баласы табиятынан кандайдыр бир өзүнө мүнөздүү өнөрчүлүккө ээ. Ал өнөрчүлүктүн эң ыйыгы, эң касиеттүүсү, эң даанышманы – бул ырчы-акындык. Эзелтеден эле кыргыз элине да, ырчы-акындык өнөрдү эл ичинен чыккан касиет даарыган өнөр ээлерин берип, бир муундан экинчи муунга өтүп, бүгүнкү күнгө чейин келди. Өткөн замандарда, тилинен бал тамган, керемет ыр саптарын тизип элдин жашоосун ырдаган, жаратылыш-табиятты тыңдаган, Калыгул, Арстанбек, Балык, Музооке, Сартпай, Токтогул сыяктуу бал таңдай ырчы-акындар өттү. Улуулардын учугун улаган, бүгүнкү күндөгү ырчы-акындарыбыз элдик салттуулукту сактоо менен, өзүлөрүнүн чыгармачылыгын улап келишүүдө.

XX кылымды аяктай кыргыз элдик музыкалык маданиятынын өнүгүүсүндө, көп жылдардан бери козголуп келе жаткан көйгөйлүү маселелер, карама-каршылыктар күч алды. Алар элдик аспаптык аткаруучулук менен катар, элдик ырчы-обончулук, төкмө-акындык, дастан айтуучулук өнөрлөрүнө келечек муундарды окутуу, аларга билим берүү менен аткаруучулуктун салттуулугун сактоо жана өнүктүрүү тууралуу маселелер менен байланышта болгон.

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



XX кылымдын аягындагы - XXI кылымдын башындагы обондуу ыр, элдик маданият мурасынын бир түрү катары, өзүнө мүнөздүү салттуулугун сактоого багыт алды. Бул мезгилде, маданият тармагынын тигил же бул түрүнүн: элдик аспаптык чыгармачылыгы менен катар, ыр чыгармачылыгы жагдайында бир катар өзгөрүүлөр, бурулуштар, болуп өттү. Анткени, бул мезгилдеги маданият эки этапта өзүнүн өнүгүүсүн улантты. Биринчи этап – 1985-1991-жылдардагы М. С. Горбачевдун бүтүндөй СССРде «Кайра куруу» – саясий курсун ишке ашыруу. Экинчи этабы – 1991-жылы СССРдин курамындагы республикалардын ар бири өз алдынча эгемендүү мамлекетти түзүштү.

1985-жылы жалпы Совет элинде «кайра куруу» мезгили башталып, жалпы коомчулукта зор бурулуштар, өзгөрүүлөр болуп өтөт. Бул – жашоонун коомдук-саясий, экономикалык жана идеологиялык тармактарын жакшыртууга багытталган курс болду. «Кайра куруу» мезгилинде улуттук маселе да каралып, анын алкагында ар бир элдин байыркыдан келе жаткан салттуу маданиятын кайра калыбына келтирүү иш-аракеттери жүргүзүлө баштайт. 1987-жылы улуттук маданияттын бир тармагы катары ата-бабалардан калган салттуу музыкасын – аспаптык жана ырчылык аткаруучулук өнөрүн, элдик музыкалык аспаптарын – комуз, кыл кыяк, чоор, сурнай, керней, добулбас, дап ж.б. калыбына келтирүү максатында Токтогул Сатылганов атындагы Кыргыз мамлекеттик филармонияда «Камбаркан» фольклордук-этнографиялык ансамбли уюшулат. Бул фольклордук ансамблге ал кездеги белгилүү ырчылар Нурак Абдрахманов, Гүлсүн Мамашева, Саламат Садыкова, ошондой эле, ошол учурдагы Б. Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик искусство институтун аяктаган жаш адисттер – чебер музыкант-аткаруучулар кабыл алынып, чыгармачылык ишмердүүлүктөрүн жүргүзө башташат. Фольклордук ансамблдин негизги максатынан болуп, элдик аспаптык аткаруучулук менен катар, ырчылык аткаруучулугунун салттуулугун калыбына келтирүү менен бирге, аны сактоо жана өнүктүрүү эсептелген.

Бирок, ошондой болсо да, «кайра куруу» курсу өзүнүн миссиясын аткарууну толугу менен аягына чыкпастан, СССРдин курамындагы республикалардын өз алдынча эгемендүүлүктү колуна алышына түрткү берди. Ошентип, 1991-жылы СССРдин курамындагы республикалардын баары өз алдынча эгемендүүлүктү колуна алышты. Натыйжада, бардык республикаларда жүргүзүлгөн мындай реформа жалпы элдин жашоосун демократизациялоого мүмкүндүк берди.

1991-жылдын 31-августунда, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши «Мамлекеттин көз каранды эместиги жөнүндө» Декларациясына кол коюлушу, элибиздин эгемендүүлүгүнө жол ачат. Ал эми, 1992-жылы Жогорку Кеңеш «Республиканын маданияты жөнүндө» мыйзамын кабыл алат. Бул мыйзамды иш жүзүнө ашырыш үчүн, Кыргыз Өкмөтү «Маданият мекемелерин мамлекет тарабынан колдоону жакшыртуу чаралары», «Тарыхый-маданий мурастарды сактоо жөнүндө», «Кыргыз Республикасындагы концерттик ишмердүүлүк жөнүндө» сыяктуу Токтомдорун кабыл алат. Бул Токтомдор аткарылыш үчүн, атайын мамлекеттик деңгээлде «Маданият» программасы иштелип чыгат. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарынан баштап эле, элибиздин көп тармактуу маданияты, анын ичинде элдик музыкабыз, салттык аткаруучулук өнөрүбүз, эркиндикте өз өнүгүүсүн улантат. Калыгул, Молдо Кылыч, Алдаш Молдо, Молдо Нияз, Казыбек, Арстанбек, Жеңижок сыяктуу улуу инсандарыбыз Совет өкмөтүнүн мезгилинде, эл душманы, улутчул, «заманачыл» делип, ак жерден караланган. «Замана» демекчи, бул тема Калыгул олуядан баштап бизге белгилүү. Анткени, өз доорундагы ар бир ырчы-акындын поэтикалык саптарында, карапайым элдин эркиндиги, ак менен кара, жакшы менен жаман, чындык менен жалган сыяктуулар менен тыгыз байланыштагы элдин жашоо-тиричилигиндеги болуп турууучу окуялар, өзгөрүүлөр, бурулуштар, кубулуштар чагылдыргандыгын, алардын адабий-музыкалык мурастарынан билинди. Мамлекетибиз эгемендүүлүктү алган мезгилден баштап, жогоруда ысымы аталган улуу инсандардын адабий мурастары өкмөт тарабынан бааланып, жалпы элге таанытыла баштады. Орто мектепте адабий окуу сабактарынын программасына киргизилип, «Калыгул Бай уулу: ырлар жыйнагы», «Калыгул, Казыбек: казалдар», «Жеңижок жана кыргыз руху», «Молдо Кылыч: казалдар» сыяктуу жыйнактар окуучулардын колуна тийген.

Бул жылдардан баштап, кыргыз элдик музыкалык маданияты өзүнүн жашоосун улунта берди. А.Айталиев, Э. Турсуналиев, А. Жумабаев, Т. Абдиев, З. Үсөнбаев сыяктуу атактуу ырчы-акындарыбыз, дастан айтуучулук өнөрүндө Жусуп Мамай, Каба Атабеков, Шаабай Азизов ж. б. өзүлөрүнүн чыгармачылыгын жана аткаруучулук өнөрлөрүн өнүктүрүүнү улантышты. Булардын чыгармачылыктары жана аткаруучулук өнөрлөрү, элдик ырчы-акындык жана дастан айтуучулук өнөрлөрүнүн салттуулугун сактоого жана мындан аркы өнүктүрүүнү улантууга жана келечек муундарга өткөрүп берүүгө көздөлгөн.

Бул жылдары чыгармачылыктын башка тармактары сыяктуу эле, ыр чыгармачылыгында эркин чыгармачылыкка багыт алуу мүмкүнчүлүгү пайда болду. Ыр чыгармачылыгынын тематикасы да мезгилдин мыйзамына, жашоо-тиричиликтин шарттарына ылайык өзүнүн багытын өзгөрттү. Бул жагдайда

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



композитордук музыка дагы, өзүнүн чыгармачылыгынын жекечелүүгүн, эркиндигин ачып берүү менен, академиялык музыкалык маданияттын классикалык жанрларында – опера, симфония, балет ж. б. транформация процесси жүргүзүлө баштады (мисалы, Н. Давлесовдун «Аста, секин колукту!» комедиялуу спектакли ж.б.). Бул тууралуу Кыргыз Республикасынын эл артисти, белгилүү хормейстер К. Тиленчиевдин айтуусунда, көптөн бери сахнага чыкпай калган Насыр Давлесовдун бул чыгармасы кайрадан, азыркы учурга ылайыкташтырылып, бирок, жөнөкөй тил менен эстрада жанрында даярдалып сахнага чыгарылган [1]. Демек, «Аста, секин колукту» чыгармасы мурда оперетта жанрында болсо, учурда, эстрада жанрына өткөндүгүн көрүүдөбүз.

Бул жылдары өзгөчө обончулардын жана композиторлордун постсоветтик мезгилдердеги терс көрүнүштөргө каршы, ата-мекендик музыкалык маданияттын жаңы багытын көздөгөн прогрессивдүү өнүгүүсүнө шарт түзүүсү болду. Байыртадан эле түптөлгөн элдик музыка фольклоризми өтө жандуу өнүгүү жолуна кадам таштады. Кыргызстанда элдик музыканын активдүү өнүгүүсү, профессионал композиторлордун жана обончулардын чыгармачылыгына негизги азык катары колдонулду. Бирок, ошондой болсо да, элдик ырлар, 60-80-жылдардагы кыргыз обондору бүгүнкү күндө да угуучулардын аренасынан кете элек.

Элибиз эгемендиктүүлүктү колуна алуунун шарапаты менен, XIX кылымдын аягында, XX кылымдын башында жашап өткөн Боогачы, Сыртпай, Сооронбек, Атай, Муса, Калмурат сыяктуу элдик залкар ырчы-акындардын чыгармаларын, элге белгисиз унутулуп калган элдик обондор, күүлөр жалпы кыргыз элине тартуулоо менен, Нурак Абдырахмановдун (1947-2014) өзүнүн репертуарын толуктайт. Жогоруда аталган элдик залкар ырчы-акындардын чыгармалары жергебизде гана эмес, бул мезгилдерде дүйнө элдеринин руханий дүйнөсүнө жаңы дем менен, элдик музыканттардын ичинен ири алдыда, Нурак Абдырахмановдун аткаруусунда даңазаланып, сенсация жаратты. Залкар ырчы-күүчү мындай фольклордук обондору жана аспаптык күүлөрү камтылган репертуары менен, дүйнө жүзүндөгү ири өлкөлөрдө (Америка, Япония, Германия, Англия, Франция, Кытай, Турция, Монголия, Индия ж. б.), нукура кыргыз элдик музыкасын даңазалап, комузчулук-күүчүлүгү менен катар, ырчы-обончулук ишмердүүлүгүн кошо жүргүздү.

Обондуу ырлардын жанрдык өзгөчөлүгү боюнча алганда, эң негизги орунду лирика ээлегендиги жалпыга маалым. Өлкөбүздө эгемендүүлүктү алган жылдарынан баштап, обондуу ырлардын тематикалык жагдайынын көп түрдүүлүгү артат. Эркиндикти, Ата-Мекенди, туулган жерди, элди даңалоо, бийликтегилерди, мансапкорлорду, байлыкты көздөгөндөрдү, паракорлорду сындоо, кыргыз мырзаларынын, айымдарынын ар намыстуулугу, эл-жер үчүн күйөрмандыгы чагылдырган көптөгөн обондор ыр чыгармачылыгында кеңири орун алды.

Бүгүнкү күндөгү жашоодогу тагдыр, байлык, бийлик, мансап, паракор, өмүр сыяктуу көйгөйлүү маселелерди чагылдырган «Бул дүйнө» (сөзү, обону Н. Абдрахмановдуку) аттуу ырынан обондуулуктун да, ыргактуулуктун да элдик салттуулугун көрөбүз. Ырда, бүгүнкү күндөгү пендечилик жашоонун көйгөйлүү болгон маселелери – көр оокаттын аркасынан түшмөй, байлыкты көздөй умтулуу, мансапкорчулук тууралуу жана ушул жашоону максаттуу түрдө, татыктуу жашап өтүүгө насааттары ачык-айкын сүрөттөлүү менен чагылдырылган.

Ата-Бабаларды эскерүү, алардын эрдигин, эмгегин, элге кылган кызматын даңазалаган көптөгөн обондуу ырлар жаралды. Мындай мүнөздөгү ырлардын бири – «Ак калпактуу кыргыз элим» (сөзү К. Мусаевдики, обону А. Бөдөшовдуку). Диапозону бир октаваны ээлеген бул ыр мээлүүн келип, салтанаттуу мүнөздө болсо да, анын обондук жана поэтикалык мазмунунан эпикалуулукту көрөбүз. Обону менен айкалышкан поэтикалык сапттарында, кыргыздын байыркы улуу эл экендиги, ата-бабалардан салты, кийими, кол өнөрчүлүгү ж. б. бүт дүйнөгө даңкы чыккандыгы ачык сүрөттөлүп берилген.

Поэтикалык сөзү менен төп келишкен, өзгөчө боёктуу, жагымдуу кайрыктуу обондуулугу менен учурда элге кеңири белгилүү болгон ырлардын бири «Атам ант» (сөзү Н. Жүндүбаеваныкы, обону К. Эралиеваныкы). Ырдын обонунан салттуулукту, элдиктүүлүктү көрө алсак да, ошону менен бирге, кандайдыр жаңыча кайрыктуулук, созулмалуулуктагы жанга жагым обондуулук ачык байкалып турат. Ыр, атактуу комузчу-күүчү, ырчы-обончу Нурак Абдрахмановдун аткаруусунда комуз менен коштолгон.

*Комуз – обон – ырчы.* Бул үчөөнүн керемет угумдуулугу, көркөм кайрыктуулугу, алардын диалектикалык ажырагыс биримдиги – ырдын ажарын ачып, көркөмдүгүнө көрк кошуп, кандай гана угуучу болбосун, анын жүрөгүнүн түпкүрүнөн орун тапкандыгында. Ал эми, байыркы кыргыз ыйык энелер, кийинки нечен кылымдар ичиндеги эл-жер үчүн кызмат кылган кыздардын ар намыстуулугу, баатырдыгы, эмгекчилдиги чагылдырылган обондуу ырлар, термелер жаралган. Алардын бири – эл ичинде кеңири белгилүү «Кызыл туулу кыргыз кыздары» (сөзү К. Алмазбековдуку, обону Замирбек Үсөнбаевдики) аттуу ыры акындардын чыгармачылыгындагы салттуу терме жанрына мүнөздүү экендигин көрүп турабыз. Ырдын терме мүнөздүү обону менен сөзү төп келип, Манастын Каныкей, Семетейдин Айчүрөк, Төштүктүн Кенжекан сыяктуу бир катар ыйык энелердин

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



акылмандыгы, баатырдыгы, акылына жуп келген сулуулугу, ишмердиги сыяктуу адамдык жакшы сапаттарын, кийинки эл ичинде атагы Алайга жеткен Уркуя, Зууракан, Телегей, Мыскал сыяктуу ж. б. апалардын эл үчүн жасаган иш-аракеттери сүрөттөлүп чагылдырылып даңазалангандыгын көрөбүз.

Кыргыз ырчы-обончуларынын чыгармачылыгында негизинен лирика үстөмдүк кылаары бизге белгилүү. Бул жылдары лирикалык ырлардын ичинен жаш ырчылардын репертуарынан кеңири орун алган «Аппак сүйүү» (сөзү, обону Н. Абдрахмановдуку) болду. Ырдын обону менен айкалышкан сөзүнөн байыртадан келе жаткан жашоо-тиричилик менен эриш-аркакта сүйүү дагы өзүнүн вазийпасын аткарып, ар бир жанды айланып өтпөстөн, анын ички дүйнөсүн козгоо менен жашап келе жаткандыгы ачык сүрөттөлүп берилет. Автордун поэтикалык саптарынан көрүнүп тургандай, обондо бул жашоо турмуштагы сүйүүнүн орду, сүйүү аппак, сүйүү таза, сүйүү ыйык, сүйүү жаштык, аны баалай жана барктай билүү керек экендиги, ага аппак, таза дил менен жетүү керек экендиги образдуу чагылдырылган. Ырда элдик ырчылыктын, обончулуктун саттуулугун баамдап турсак дагы, жаңы ыргактуулукту, жаңы обондуулукту ачык көрө алабыз.

Бул мезгилдерде, көрүнүктүү төкмө акын, ырчы-обончу Замирбек Үсөнбаевдин чыгармачылыгынын гүлдөгөн учуру болду. Замирбек өз убагында Токтосун Тыныбеков, Эстебес Турсуналиев, Тууганбай Абдиев сыяктуу залкарлардан тарбия-таалим алып, бара-бара жалпы элге таанымал болот. Замирбек акындыктын жолдорун, төкмөлүктүн ыкмаларын, сөздөрдү таамай таап, ыр тизмегин мазмундуу тизип, жамгырдай сабалата төгүп ырдоону өздөштүрөт. Акындык төкмөлүгү такшалуу менен, Замирбек «Улууларды эскерүү», «Нан жөнүндө», «Жаштар жөнүндө», «Комузчулар» сыяктуу терең мазмундуу жана маңыздуу термелерди жаратат.

З. Үсөнбаев өзүнүн чыгармачылыгында жеке эле төкмөлүк айтыш, алым сабак, термелер менен гана чектелбестен, обончулук өнөрү да абдан мыкты өнүккөн. «Өзүң бил», «Мен ашык элем», «Кызыл туулу кыргыз кыздары», «Гүзал кыз» сыяктуу ондогон обондору бүгүнкү күнгө чейин ырчылардын репертуарынан кеңири орун алып келүүдө. Төкмө ырчы чыгармачылыгында түрдүү мүнөздүү термелер менен катар, лирикалык мүнөздүү обондорду да жараткан. Мисалы, өзүнүн сөзүнө жазылган «Кечирип кой» ыры кадимки куплеттик формада кайырмасы менен түзүлгөн. Ырда сүйүү темасы берилгендигин ачык көрөбүз.

Эгемендүүлүктүн жылдарында обондорунун лирикалуулугу менен өзгөчөлөнгөн, нукура салттулугу, жогорку көркөмдүүлүгү менен айырмаланган ырчы-обончу Жолболду Алыбаевдиня (1947) өздүк репертуарынан «Дилбарай», «Кыздар», «Кош алма», «Чолпонум», «Арман», «Рыспайга кат» ж. б. элдик «Акжамал» Жеңижоктун «Көк сулуу», «Балам жок», Барпынын «Мырзайым», «Буракжан», «Суу жөнүндө терме», Корголдун «Сен, сен дүйнө», Молдо Нияз «Даткайым», Нурмолдонун «Өмүр», Калыгулдун «Тар заман» ж. б., ошондой эле дастандардын жана элдик ырлардын бир топ үлгүлөрүн, Р. Абдыкадыров ж. б. обончулардын көптөгөн чыгармаларын кезиктиребиз.

Обончунун жөнөкөй куплеттик формада түзүлгөн, алты кайрыктан турган «Билбей жүрөм» (сөзү Ж. Садыковдуку) аттуу ыры, орточо келген жүрүшү менен айкалышкан, сөзү төп келишкен обону, обончулуктун салттуулугунан кабар берип турат. Өзгөчө, ырдын ыргактуулугун үстөмдүк кылган сегиздик жана он алтылык ноталар, өтө созулмалуу эмес, төкмө акындардын термелери мүнөздүү келиши, обондун көркөмдүүлүгүн ачып турат. Ырдын обону менен келишкен сөздөрүнөн адамда болгон ички сезимдер, кусалык, махабат, өткөндөргө өкүнүчтөр, эстөөлөр ачык сүрөттөлүп берилгендигин көрөбүз.

Бул жылдары, элдин купулуна толгон, муңдуулугу арткан «Муңдашым Мунар кайдасың» (сөзү А. Токомбаевдики, обону А. Керимбаевдики) аттуу ыр, ырчылардын репертуарынан кеңири орун алуу менен сүймөнчүлүккө айланган. Ыр эки октава аралыгын чапчып барат. Обон *ре* минордо, адегенде, доминантада башталып, жайыраак, сегиздик жана он алтылык добуштар өкүм сүргөн кайрыктар аягында созулмалуу келет. Үчүнчү жана төртүнчү кайрыктарда добуштар улам бийиктеп, барган сайын кульминация чегине жетүү менен, кайрадан баштапкы абалында тоникада бүтөт. Ырдын поэтикалык саптарынан көрүп тургандай, жигиттин сүйгөнүнө болгон арзуусу, эңсөөсү, көксөөсү, сагынуусу сүрөттөлүү менен чагылдырылат:

Ырдын сөзү менен айкалышкан обонунун муңдуулугуна караганда, элдик «күйгөн» жанры мүнөздүү экендигин айта алабыз. Негизинен көрүнүктүү ырчы-обончунун ырлары созулмалуу келип, үн бийиктик чененминин кенендиги менен өзгөчөлөнөт. Негизинен обончунун ырларынын көпчүлүгү муңдуу келип, лирикалык арзуу мүнөздүү. Акындардын сөздөрүнө абдан маани берүү менен кайрылып, поэтикалык саптарына төп келген обондордун мыкты үлгүлөрүн жаратуу үчүн чыгармачылык көп изденүүлөр жүргүзүлгөн. Анын муңайыңкы мукам кайрыктардагы обондору, ободон бүгүнкү күнгө чейин түшпөй келүүдө. Ал өзүнүн ырчылык аткаруучулук мектебине ээ болуу менен, бир топ шакирттери чыгып, анын мурасын улантып келүүдө. Таланттуу обончунун ырларынын дээрлик көпчүлүгү куплеттик жөнөкөй формада, бир бөлүмдүү болсо да, обондуулугу, кайрыктарынын көркөмдүүлүгү, обондорунун оригиналдуулугу, элдиктүүлүгү менен элдин купулуна толуп, жаш

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



ырчылардын репертуарынан кеңири орун алып келүүдө.

Көп жылдардан бери ырчылардын репертуарынан кеңири орун алуу менен сүймөнчүлүккө айланган лирикалык мүнөздөгү ырлардын бири – «Жамгыр төктү» (сөзү, обону Т. Казаковдуку). Ыр вальс мүнөздүү келип, созулмалуу кайрыктарда курулган. Эки бөлүмдөн турган бул ырдын биринчи бөлүмүнүн кайрыктары, төмөнкү регистрдеги үндөрдө токтоолук менен ырдалат. Экинчи бөлүм – кайырмада, жогорку регистрдеги үндөрдө бир аз ылдамдата, кубаттуулукта кульминация чегине жеткирилип, акыркы кайрыкта баштапкы бөлүмдөгү абалга келип аяктайт. Эскирбеген обон сөзү менен төп келишип, күнү бүгүнкүдөй, улам барган сайын жашоосу жаңыланып, жаш ырчылардын сүймөнчүлүгүнө айланып, мыкты ырлардын катарын толуктап турат.

Студент кезинде эле обончулук чыгармачылыгы башталган Т. Казаковдун (1951) негизги жанры – обондуу ырлар. Чыгармаларынын түрдүү мүнөздүүлүгү: лирикалык, патриоттук, Мекенди, элди, жерди, жаратылышты, табиятты чагылдырган ырлар. Эң алгач, 1971-жылы «Алтын балалык» аттуу ырын жаратып ырдап чыгат. Ырчы-обончулукка белсемдүү киришкен Казаков 70тен ашык обондорду жараткан (айрымдарынын сөздөрү өзүнүкү). Таланттуу обончунун «Түркүн тагдырлар», «Кайран эл», «Сырдуу көл», «Коштошуу», «Кечки эскерүү», «Күйдүргү», «Шумкар» сыяктуу жогорку көркөмдүктөгү, обондуулуктагы, оригиналдуу ондогон обондору өзүнүн жана белгилүү ырчылардын аткаруусунда элге кеңири тараган. Обончунун сүйгөн жанры – вальс. Аларга «Сүйүү жазы», «Элегия», «Жыйырманчы жаз», «Гүлзарлар», жогоруда биз караган «Жамгыр» сыяктуу ырлары кирет. Ырларынын көпчүлүгү эки бөлүмдүү – кайырмалуу келет. Ал, К. Орозовдун «Насыйкат», Д.Нурпеисованын «Асем коңыр» аттуу күүлөрүнө да обон салган.

Бүгүнкү күнү элдик ырларга айланып кеткен «Кыргыз Тоосу», «Туулган жерди сагынуу», «Арча-Бешик», «Кайдасыңар карлыгачтар», «Кызгалдак», «Эңсөө», «Таңда», «Тентек элең», «Кудай берсе» жана башка көптөгөн обондору жаш ырчылардын репертуарынан кеңири орун алган, обончу-композитор Атайбек Бөдөшов (1951) ыр чыгармачылыгы менен талыкпай эмтенип келүүдө. Себеби бул обончу-композитордун жазган ырлары, ар бир угуучуга жеткиликтүүлүгү, уккулуктуугу, көркөмдүүлүгү, жан дүйнөгө жакындыгы, кайрыктарынын оригиналдуулугу, түзүлүш формасынын жаңычылдыгы жана өз стили менен өзгөчөлөнүп турат.

А. Бөдөшовдун чыгармаларынын өзүнө гана мүнөздүү оригиналдуулугу кайрыктарынын өзгөчөлүктөрү, анын обончу-композитор катары изденүүсүнүн натыйжасындагы үзүрү. Бул тууралуу, жазуучу, илимпоз Кубатбек Жакыпов мындайча жазган: «Бул обондордо кыргыз музыкасында көп кездеше бербеген гармониялык жана обондук ладдарды, мажордук-минордук системаны айкалыштыра, кеңири пайдалана башташы, изденүү арымынын кеңейишинен кабар берет» [2, 4-б.]. Демек, обончунун талыкпаган чыгармачылык изденүүсү, анын обондорунун жогорку көркөмдүүлүгүнүн, мазмундуу-маңыздуулугунун натыйжасы экендигин айтууга болот.

Токтогул атындагы Кыргыз улуттук филармониясынын К. Орозов атындагы академиялык эл аспаптар оркестринин репертуарындагы А. Бөдөшовдун обондорун карасак, бир чоң концерттик программа түзүлөт. Ошондуктан, А. Бөдөшовдун эл аспаптар жана симфониялык оркестрлеринин коштоосундагы ырларынан түзүлгөн автордук жеке концерти ар жылы өткөрүлүп турат.

А. Бөдөшов Республикабызды түрө кыдырып концерт коюп жүргөн жылдары ондогон обондорун жазган. Таланттуу обончунун элибиздин руханий дараметинин өсүшүнө, улуттун ой жүгүртүү туюмуна, жаш муундардын улуттук өзгөчөлүктө таалим-тарбия алуусуна кыйла көмөгүн көрсөтүүдө. Ал, ошондой эле журтчулугубузду маданият жактан тейлөөдө үзүрлүү эмгектенип, обончулук ишмердүүлүгү кулачын кенен жайып, кыргыз музыкалык маданиятында опол тоодой орунга ээ болду.

Кыргыз обончулук өнөрүндө, залкар ырчы-обончу Рыспай Абдыкадыровдун чыгармачылыгында минордуу ладдагы обондор алдына ат салдырбай келсе, анын замандашы Арзыбек Бедияровдун (1952) лирикасы көбүнчө мажордук ладда ободо жаңырууда. Көрүнүктүү обончунун жанга жагымдуу кайрыктары, обонунун оригиналдуулугу, акындын сөзү менен шайкеш келген, элге кеңири белгилүү ырларынын бири – «Барам сага» (сөзү Э. Ибраевдики). Атактуу ырчы Шахра Талипованын үнү менен төп келишкен обон, тез эле жалпы элдин сүймөнчүлүгүнө айланды. Ырды жаш ырчылар дагы өзүлөрүнүн репертуарына киргизүү менен толукташты.

Обондорунун жалпы элге жагымдуулугу, көркөмдүүлүгү менен өзгөчөлөнгөндүгүн, С. Ташбаевдин төмөндөгүдөй ой толгоосу да билдирип турат: «Мен музыка иликтөөчү болбосом да, жөнөкөй угарман катары, анын обондору сезимди дүрбөлөңгө салып, жүрөгүңө тез эле жетиши, улуттук кайрыктардын өзгөчө көркөм боёктор менен берилгендигинде, ошондуктан, анын ар бир ырын терең эргүү менен кабыл алууга мажбур болосуң» [3, 14-б.]. Ал эми, көрүнүктүү музыка таануучу Б. Алагушов мындайча жазган: «Арзыбек обонду, бири-бирине окшошпогондой аваздык ажардуулукта, мукамдуулукта жазат. Обончунун ырлары өзү жашап жаткан замандын жана угуучулардын талабына жооп бергендей, айкалышкандай, койун-колтук жашап кеткендей, чыныгы

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



чыгармачылык изденүүдө жаратат» [4, 10-б.].

Республикабызда эгемендүүлүктү алуу менен, улуулардын учугун улаган жаш ышкыбоздор чыга келишти. Алардын ичинде ырчылар Саламат Садыкова, Нуржамал Табалдиева, Бактыбек Шатенов, Малик Аликеев, Өмүрзак Кайыпов, төкмө акындар Абдылда Нуралиев, Майра Керим кызы, Амантай Кутманалиев, Жеңишбек Жумакадыр, Элмирбек Иманалиев, Аалы Туткучов, Азамат Болгонбаев ж. б. сыяктуу таланттуу элдик музыканттардын ысымдарын атасак болот.

Бул мезгилдерден баштап, элдин жашоо-тиричилигин, элди башкаруучулардын ыплас иштерин, мансапкорлорго, сүткорлорго каршы мүнөздөлгөн, алардын бул жашоодогу терс көрүнүштөрүн сүрөттөгөн ырлардын бири – «Чыгаандарга» (сөзү, обону Элмирбек Иманалиевдики). Ырчы бул ырында кек сактоодон, кемчиликтерден алыс болууга үндөп, өз ичарасынан ынтымак кетип ыркырашкан «чыгаандарды» элдешүүгө чакырып, кайрылгандыгы, обондуу ыр саптарынан образдуу чагылдырылгандыгын көрөбүз.

Өзүнүн ой-мүдөөсүн ырларында чагылдырган, ырчы-акындык менен катар, обончулук чыгармачылыгын жүргүзүп келген Элмирбек Иманалиевдин (1978-2020) чыгармачылыгынын тематикасы, бүгүнкү эгемендүүлүктү колуна алган элдин жашоо-тиричилигин чагылдырууга багытталган. Көрүнүктүү ырчыакын өзүнүн термелери, айтыштары менен бирге, обончу катары «Күттүм, күттүм», «Боздотпочу», «Булбулум», «Аруузатым», «Убайым», «Жалгыздыктан тажап бүттүм», «Коштошуу вальсы», «Мунарым», «Балкыма» сыяктуу ондогон лирикалык обондуу ырлары менен жалпы элге белгилүү болгон. Ырчынын ырларында негизинен кайгылуу жана муңдуу мүнөздөр үстөмдүк кылат. Алардын элдик «күйгөн» жанрынын салттуулугуна мүнөздүүлүгүн ачык баамдайбыз.

Табият тартуулаган жаратылыштын көркөмдүүлүгү менен катар анын жандуу тилин түшүнө билүү, карапайым элдин жашоосуна ак дили менен карап, бул жалган жашоону айтып, акыйкат жашоону тутуп, бул жашоо-тиричиликте болуп жаткан окуяларды, кубулуш-бурулуштарды, өзгөрүүлөрдү өзүнүн ички дүйнөсү аркылуу өткөрүп, жүрөгүнүн тереңинде сезип, жон териси менен билип, аларды бүтүндөй чыгармачылыгында чагылдырган.

Обончулук менен төкмөлүгү төп келишкен Элмирбектин мындай өнөр касиети, көптөгөн төкмө акындар, алардын ичинде казак элинин чыгаан акыны Даулет Керей менен айтышуусунда дагы бир ирет көрсөтүлгөн. Айтышта Дулет Керей бир сыйра казак элин мактап өтүп, ак калпак кийип отурган Элмирбекке кайрылып, «Коркып турган жөнүң бар, корпа, калпагыңды тартып албаймын» деген тариздеги мыскылына, Элмирбек:

Бир боорум, карматпагын шайтаныңды,
Билбегем мындай сөздү айтаарыңды.
Сен эмес кытай тартып алалбаган,
Башымда ушул турган калпагымды, - деген сыяктуу курч мүнөздөгү, ыр саптарын тизип ырдаганда эле, көрүүчүлөр дуулдашып, сүрөөнчүлөр туруп алышып, башындагы ак калпактарын көкөлөтө ыргытышып, Элмирбектин демине дем кошуп сүрөөгө алышкандыгынан, ырчынын обонуна шайкеш келген поэтикалык саптарынан, анын сөзүнүн мазмундуулугунун, обондулугунун салттуулугунун, акыры казактын чыгаан ырчысын жеңгендигинин, обончулук менен акындык күчүнүн таасирдүүлүгүн терең туябыз» [5, 238-б.].

Кыргыз коому өзүнүн байыртадан бери маданийтарыхый өнүгүү жолунда калыптанып өнүккөн, бирок, унутулуп бара жаткан маданий мурастарын, бүгүнкү күндө калыбына келтирүүгө багыт алып турган мезгили. Бул, бүгүнкү ааламдашуу алкагындагы элдин жашоо-тиричилигиндеги мезгилдин өзгөрүүлөрү менен боло турган талаптардан болуп эсептелет. Кыргызстанда социалдык жана илимий-техникалык жактан өнүгүү менен өзгөрүүлөр, бүгүнкү күндөгү адам баласынын жашоосу менен бирге, массалык маданияттын эң күчтүү жана маанилүү жанрларынан болгон ыр чыгармачылыгына өзүнүн олуттуу таасирин берүүдө. Бүгүн биз радио уктуруу жана теле көрсөтүүлөр боюнча абдан популярдуу болгон кыргыз обондуу ырларын угуудабыз.

Бүгүнкү күндүн кыргыз обондуу ырлары, коомчулуктун социалдык-маданий шарттарына, жалпы угуучулардын табитине жараша, улуулардын өнөрүн улаган чыгармачыл жаратмандар аркылуу жаралууда. Анткени, ар бир мезгил, доор, жылдар алмашуусу менен, адам баласынын, ошол муундардын жашоотиричилиги, алардын чыгармачылыгына таасирин берүү мыйзам ченемдүү экендигин айтууга болот. XX кылымдын башы менен, кыргыз маданиятын бир бөлүгү болгон ырчы-обончулук өнөрү өзүнүн өнүгүүсүн жаңы шартта, жаңы нукта, жаңы мазмунда жана стилде улантууну жүргүзө баштады.

**Адабияттар:**

1. Тиленчиев К. «Аста секин колукту» кайрадан сахнада. Азаттык үналгы каналы, маек. 13.08.2023.
2. Жакыпов К. Обондун баба дыйканы. Бөдөшов Атайбек: тандалма обондор» китебинде. – Б., 2019. – 4-б.
3. Ташбаев С. Сузактын таскагы арткан таланттуу кулуну. А.Бедияровдун «Түшүмө кирдиң...: обондуу ырлар» китебинде. – Б., 2006. – 14-б.
4. Алагушов Б. Обондору обологон обончу. А. Бедияровдун «Түшүмө кирдиң...: обондуу ырлар» китебинде. – Б., 2006. – 10-б.
5. Алагушов Б. Шер-Нияз Садык. Актаңдайлар: чыгармачыл ажарлар. – Б., 2003. – 238-б.